Коңүрбаев Өмүрзак атындагы Самансур орто мектеби
2019-2020-окуу жылы
Октябрь айында текшерилген күндөлүктөрдүн маалыматы.

Күндөлүктөр боюнча текшерүүдө окуу жылынын башталышы менен толук толтурулбаган бөлүмдөр ар бир класста учурайт. Күндөлүктөрдүн жалпы колдонулушу орто. 6-класстын күндөлүгү башка класстарга караганда таза. Бир гана Манапов А. деген окуучунун күндөлүгүн гана көрө алган жокмун.

9-класстын окуучулары да толук колдонбойт. Колдонсо да көрсөтпөйт.

3-класстын бардык окуучуларынын күндөлүгү замаскаланган, булганган класс жетекчи бул боюнча кабардар эмес сыяктуу. Менин көз карашымда, окуучуларга толук күндөлүктүн колдонулушу боюнча түшүндүрмө берген эмес.

Текшерилген маалымат боюнча класс жетекчилерге эскертүү берилип тааныштыруу баракчасына кол коюлган.

Тарбия завучу: / Туйгунова М.Н. /

Коңурбаев Өмүрзак атындагы Самансур орто мектеби
2019-2020-окуу жылы
Май айында текшерилген күндөлүктөрдүн маалыматы.

Күндөлүктөр боюнча текшерүүдө окуу жылынын башталышы менен толук толтурулбаган бөлүмдөрдгө эскертүү берилип каралган. Эскертүүлөр ар бир класста учурайт. Күндөлүктөрдүн жалпы колдонулушу орто деп табылган. Класс жетекчилер менен бирдикте окуучуларга түшүндүрмө иштери жүргүзүлүп келет. Ошого карабастан айрым окуучуулар кайдыгер мамиледе болушат.

Жыл аягындагы текшерүүнүн жыйынтыгнда эскертүүлөр көрсөтүлгөнүнө карабастан оңдолуп-түзөлбөгөн күндөлүктөр дале учурайт.

Замаска колдонулган окуучулар да бар. Мугалим тарабынан өз учурунда текшерилип эскертүү берилген эмес. Айрым окуучулар эскертүүлөго карабастан айтылган кемчиликтерди аткарган эмес. Мугалим тарабынан баалар үстүртөдөн коюлгандар учурайт.

Бардык окуучу менен мугалимге бирдей көз карашты коюга болбойт. Себеби көпчүлүк окуучулар өз милдетин так, туура, таза колдонуу менен жоопкерчиликтүү мамиле жасашат. Өз убагында баалар коюлат.

Жыйынтыгында күндөлүктүн сырткы абалы жакшы дарек бөлүмдөрү туура толтурулган. Сабак жүгүрмөсү, мугалимдердин аты, жөнү такталып жазылган.

Ата-энелер менен байланыш түзүлүп класс жетекчи тарабынан көзөмөл жүргүзүлгөн.

Текшерилген маалымат боюнча класс жетекчилерге эскертүү берилип тааныштыруу баракчасына кол коюлган.

Тарбия завучу: уйгунова М.Н. /

Ө.Конурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата күндөлүктөрдү текшерүү маалыматы

Мектеп окуучуларынын күндөлүк колдонуу текшерүүсү ар бир айда график боюнча жүргүзүлөт. Класс жетекчилер менен класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин жетекчиси күндөлүктү иштөө ситемасы жөнүндө семинар өткөзүп турат. Окуучунун күндөлүгү анын алган билимин далилдеген документ экени эскертилип турат.

Күндөлүктү толтурууда окуучуларга ар бир бөлүктөрүн туура, так, булгабай таза толтуруу  эрежелери айтылыт. Мугалимдерди окуучулардын билимдерин баалоодо ар бир сабактын жыйынтыгында баланын билимин баалап бааларды коюу талап кылынат.

Күндөлүктөрдү текшерүүдө колдонуу эрежелери аткарылбаган окуучлар болгон. Биринчи бетиндги даректерди туура эмес жазышкан. Сүрөт чаптоо жери бош. Сабак жүгуртмө бөлүгү толгон эмес. Акыркы бетиндеги мектептен үйгө чейинки маршруттук схемасы чийилген эмес. Айрым жазуулар замаска колдонуу менен ондолуп –түзөлгөн.

Мугалим тарабынан күндөлүктү текшерүүдө көрсөтмөлөрдү убагында аткарбаган класс жетекчилер да кездешкен. Окуучунун келип-кетүүсү так аныкталган эмес. Баалардын коюулушу ситемалуу түрдө коюулган эмес. Класс жетекчи тарабынан эскертүүлөр, текшерип кол коюулар убагында жүргүзулгөн эмес.

Ата-энелер тарабынан көпчүлүк окуучулардын күндөлүк менен иштөө регламентти жакшы жүрбөйт. Себеби, айрым ата-эне баласынын билим деңгээлине кызыкпайт. Ошондуктан анын колдонгон күдөлүгүн алар текшербейт, кол да койбойт.

Бардык окуучулар менен мугалимдердин жүргүзгөн иштерин бирдей кароого болбойт. Өз ишин так аткарып, жоопкерчилик менен иштегендер бар. Ата-энелер менен дайыма байланышта болуп, баланын билимин текшерүү жүргүзүү менен алга жылдырууга аракеттенишет. Окуучулар да өз билимин баалоо жүргүзүүнү мугалимдерден талап кылышат. Ошондой эле күндөлүктү колдонууда таза, туура толтуруу менен эрежени сакташат.

Жалпысынан мектеп окуучулары күндөлүк колдонушат. Сырттары сыртталган. Эскертүүлөрдү убагында кабыл алууга аракеттенишет.

Ата-энелер менен биргеликте иш алып барышат.

Тарбия  завучу        Алтыбек кызы Анара

Ө.Конурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата күндөлүктөрдү текшерүү маалыматы

Мектеп окуучуларынын күндөлүк колдонуу текшерүүсү ар бир айда график боюнча жүргүзүлөт. Класс жетекчилер менен класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин жетекчиси күндөлүктү иштөө ситемасы жөнүндө семинар өткөзүп турат. Окуучунун күндөлүгү анын алган билимин далилдеген документ экени эскертилип турат.

Күндөлүктү толтурууда окуучуларга ар бир бөлүктөрүн туура, так, булгабай таза толтуруу эрежелери айтылыт. Мугалимдерди окуучулардын билимдерин баалоодо ар бир сабактын жыйынтыгында баланын билимин баалап бааларды коюу талап кылынат.

Күндөлүктөрдү текшерүүдө колдонуу эрежелери аткарылбаган окуучлар болгон. Сүрөт чаптоо жери бош. Сабак жүгуртмө бөлүгү толгон эмес. Акыркы бетиндеги мектептен үйгө чейинки маршруттук схемасы чийилген эмес.

Ата-энелер тарабынан көпчүлүк окуучулардын күндөлүк менен иштөө регламентти жакшы жүрбөйт. Себеби, айрым ата-эне баласынын билим деңгээлине кызыкпайт. Ошондуктан анын колдонгон күдөлүгүн алар текшербейт, кол да койбойт.

Бардык окуучулар менен мугалимдердин жүргүзгөн иштерин бирдей кароого болбойт. Өз ишин так аткарып, жоопкерчилик менен иштегендер бар. Ата-энелер менен дайыма байланышта болуп, баланын билимин текшерүү жүргүзүү менен алга жылдырууга аракеттенишет. Окуучулар да өз билимин баалоо жүргүзүүнү мугалимдерден талап кылышат. Ошондой эле күндөлүктү колдонууда таза, туура толтуруу менен эрежени сакташат.

Жалпысынан мектеп окуучулары күндөлүк колдонушат. Сырттары сыртталган. Эскертүүлөрдү убагында кабыл алууга аракеттенишет.

Ата-энелер менен бирдикте иш алып барышат.

Тарбия завучу: Кабылбекова А. Т.